| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ КЫЗМАТЫ** | | **СЛУЖБА ЮРИДИЧЕСКОЙ ПОМОЩИ ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЮСТИЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ** |

2024 ж. «24» декабрь № 34 **Б У Й Р У К**

«24» декабрь 2024 г. № 34 **П Р И К А З**

**Мамлекет кепилдеген квалификациялуу юридикалык жардам чөйрөсүндөгү кээ бир документтерди бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Юридикалык жардам кызматынын ведомстволук актыларын мамлекет кепилдеген квалификациялуу юридикалык жардам чөйрөсүндөгү мыйзамдарга шайкеш келтирүү максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 7-октябрындагы № 557 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Юридикалык жардам кызматы жөнүндө Жобонун 18-пунктунун 15-пунктчасын, 11-пунктунун 21-пунктчасын жетекчиликке алып, **буйрук кылам:**

1. Тиркелгендер бекитилсин:

- Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасында кылмыш-жаза иштери жана укук бузуу жөнүндө иштер боюнча квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүчү адвокаттардын ишинин сапатынын Стандарттары, 1-тиркемеге ылайык;
- Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасында жарандык иштер боюнча квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүчү адвокаттардын ишинин сапатынын Стандарттары, 2-тиркемеге ылайык;
- Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасында административдик иштер боюнча квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүчү адвокаттардын ишинин сапатынын Стандарттары, 3-тиркемеге ылайык;
- Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасында квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө Типтүү келишими, 4-тиркемеге ылыйык.
- Квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү үчүн адвокаттарды тандоонун тартиби жана критерийлери жөнүндө Жобо, 5-тиркемеге ылайык.

2. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Юридикалык жардам кызматынын кызматчылары жана Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды көрсөтүү боюнча адвокаттардын мамлекеттик реестрине кирген адвокаттары ушул буйрук менен бектилген документтерди өз ишинде катуу тартипте колдонушсун.

3. Ушул буйруктун 4-тиркемесиндеги Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасында квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө Келишими адвокаттар менен 2025-жылдын 8-январынан тартып түзүлсүн.

4. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Юридикалык жардам кызматынын региондор аралык башкармалыгынын жетекчилери ушул буйруктун 2-пунктунун аткарылышын камсыз кылышсын.

5. Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Юридикалык жардам кызматынын ЮЖжУА башкармалыгынын начальнигин А.У. Камаевага жүктөлсүн.

**Об утверждении некоторых документов в сфере гарантированной государством квалифицированной юридической помощи**

В целях приведения в соответствие ведомственных актов Службы юридической помощи при Министерстве юстиции Кыргызской Республики с законодательством в области гарантированной государством квалифицированной юридической помощи, в соответствии с подпунктом 18 пункта 15, подпунктом 11 пункта 21 Положения о Службе юридической помощи при Министерстве юстиции Кыргызской Республики, утверждённого постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 7 октября 2022 года № 557, **приказываю:**

1. Утвердить нижеследующие документы:

- Стандарты качества работы адвокатов, оказывающих квалифицированную юридическую помощь по уголовным делам и делам о правонарушениях в системе гарантированной государством юридической помощи, согласно приложению 1;
- Стандарты качества работы адвокатов, оказывающих квалифицированную юридическую помощь по гражданским делам в системе гарантированной государством юридической помощи, согласно приложению 2;
- Стандарты качества работы адвокатов, оказывающих квалифицированную юридическую помощь по административным делам в системе гарантированной государством юридической помощи, согласно приложению 3;
- Типовой договор об оказании квалифицированной юридической помощи в системе гарантированной государством юридической помощи, согласно приложению 4.
- Положение о порядке и критериях отбора адвокатов для оказания квалифицированной юридической помощи, согласно приложению 5.

2. Сотрудникам службы юридической помощи при Министерстве юстиции Кыргызской Республики и адвокатам, состоящих в Государственный реестре адвокатов по оказанию гарантированной государством юридической помощи в сторогом порядке использовать в работе документы, утвержденные настоящим приказом.

3. Заключить с адвокатами Договор об оказании квалифицированной юридической помощи в системе гарантированной государством юридической помощи с 8 января 2025 года в приложении 4, утвержденные настоящим приказом.

4. Начальникам межрегионального управления Службы юридической помощи при Министерстве юстиции Кыргызской Республики обеспечить исполнение п. 2 настоящего приказа.

5. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на начальника УЮПиПП Службы юридической помощи при Министерстве юстиции Кыргызской Республики А.У. Камаеву.

**Председатель** **А.С. Калбеков**

**Кыргыз Республикасынын**
**Юстиция министрлигине караштуу**
**Юридикалык жардам кызматынын**
**2024-жылдын «24» декабрындагы**
**№ 34 буйругу менен бекитилген**

# Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасында кылмыш-жаза иштери жана укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүчү адвокаттардын ишинин сапатынын Стандарттары

## КИРИШҮҮ

Ушул мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасында Жазык иштери жана укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүчү адвокаттардын ишинин сапатынын Стандарттары (мындан ары текст боюнча - Стандарттар), Кыргыз Республикасынын Конституциясына, «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине, «Укук бузуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Кодексине, Кыргыз Республикасынын «Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана адвокаттардын кесиптик этикасынын кодексине ылайык иштелип чыккан.

Стандарттар жазык иштери, укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүдө адвокаттын ишине карата бирдиктүү талаптарды камтыйт, аларды белгилөө адвокаттын мыйзамдарда тыюу салынбаган башка каражаттарды пайдалануусуна чек койбойт.

Адвокат тарабынан Стандарттарга ылайык аракеттерди жасоонун ырааттуулугу жана жетиштүүлүгү, анын ичинде кылмыш ишинин конкреттүү жагдайлары менен аныкталат.

Бул Стандарттар мамлекет кепилдеген юридикалык жардам (мындан ары текст боюнча – МКЮЖ) берүү боюнча мамлекеттик реестрге (мындан ары текст боюнча – Реестр) кирген адвокат менен Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Юридикалык жардам кызматынын (мындан ары текст боюнча - ЮЖК) ортосунда түзүлгөн квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө келишимдин (мындан ары текст боюнча - КЮЖ) ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

Стандарттардын жоболору адвокат тарабынан мыйзамдардын талаптарын сактаган шартта адвокаттын көз карандысыздыгына каршы келген аракеттерди жасоого көрсөтмө берүүчү же жол берүүчү катары чечмеленүүгө тийиш эмес.

## 1. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын жарандары, жарандыгы жок адамдар, чет өлкөлүк жарандар жана качкындар, жазык иштери жана укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча КЮЖ алуучулар болуп саналат.

2. КЮЖ көрсөтүү үчүн адвокат координатор тарабынан тиешелүү айга бекитилген кезметчилик графигине ылайык Реестрден дайындалат.

3. Адвокат жазык ишинде же укук бузуу жөнүндө иште КЮЖ көрсөтүүгө координатордун аны дайындоо жөнүндө чечиминин жана ордердин негизинде гана киришет.

4. Адвокат координатор тарабынан аны дайындоо жөнүндө белгиленген тартипте чечим чыгарылганга чейин кылмыш жасаган же укук бузган деген шек менен кармалган адамга КЮЖ көрсөтүүгө киришүүгө укуктуу.

5. Адвокат дежур күнү бештен ашык эмес кылмыш иштери жана укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча КЮЖ көрсөтүүгө катыша алат.

6. Реестрге кирген адвокаттардын саны чектелген республиканын администрациялык-аймактык бирдигинде ушул Стандарттардын карталардын 5-пункту колдонулбайт.

7. Макулдашуу боюнча кызыкчылыктардын кагылышы болгон учурда адвокат алуучуга КЮЖ берүүнү токтотуу жөнүндө маселени андан ары чечүү үчүн координаторго бул тууралуу токтоосуз маалымдоого милдеттүү.

8. Адвокат, өзүн коргоо учурларын кошпогондо, КЮЖ көрсөтүүгө байланыштуу ага белгилүү болгон жана адвокаттык же Мыйзам менен корголуучу башка сырды түзгөн маалыматтарды ачыкка чыгарууга укугу жок.

9. Адвокат жазык процессинин же укук бузуу ишинин ар кандай стадиясында КЮЖ көрсөтүүдө милдеттүү:

- КЮЖ алуучуга консультация берүү жана ага иш боюнча колдонулуучу материалдык жана процесстик укуктун ченемдерин процесстик укуктарын жана милдеттерин түшүндүрүү;
- КЮЖ алуучуга иштин материалдары менен таанышууга, өтүнүч каттарды, даттанууларды жана башка процесстик документтерди жазууга жардам көрсөтүүгө же болбосо аларды өз алдынча даярдоого;
- КЮЖ алуучунун укуктарын жана Мыйзам тарабынан корголуучу кызыкчылыктарын максималдуу коргоого багытталган жана мыйзамдарда тыюу салынбаган башка коргоо каражаттарын жана ыкмаларын пайдаланууга.

10. Адвокат КЮЖ алуучу менен координатор дайындаган учурдан тартып бир сутканын ичинде жолугушууга жана андан кийин сотко чейинки өндүрүш стадиясында үчтөн кем эмес жана сотто ишти кароонун ар бир стадиясында экиден кем эмес жолугушуу өткөрүүгө милдеттүү (жолугушуу фактысы КЮЖ алуучунун белгиленген формадагы койгон колу менен ырасталат).

11. Адвокат жазык ишине КЮЖ көрсөтүү боюнча өзүнүн катышуусун токтотот:

- координатордун чечими менен;
- иш боюнча акыркы процесстик актыны (сотко чейинки өндүрүштү, соттун өкүмүн, аныктамасын, токтомун токтотуу жөнүндө тергөөчүнүн (прокурордун) токтомун) алгандан кийин бул жөнүндө координаторго дароо жазуу жүзүндө билдирүү менен, токтотот.

12. Адвокат укук бузуу ишине катышуусун токтотот:

- координатордун чечими менен;

- кармоо жөнүндө протокол жана/же камакка алуу жөнүндө соттун токтому алынгандан кийин жана бул жөнүндө координаторго дароо жазуу жүзүндө билдирүү менен.

13. Адвокат жазык иши жана укук бузуулар жөнүндө иш боюнча квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү боюнча регистр (мындан ары текст боюнча – Регистр), ошондой эле адвокаттык досье (мындан ары текст боюнча – Досье) жүргүзүүгө милдеттүү. Алуучуга көрсөтүлгөн КЮЖтун сапаты Регистрдин материалдары жана Досье менен ырасталат.

14. Стандарттардын аткарылышы адвокат тарабынан отчетто жана ушул Стандарттардын ажырагыс бөлүгү болуп саналган формаларда чагылдырылууга тийиш. Отчеттун бланкы жана формасы ЮЖК тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

15. Адвокат жазык ишинде же укук бузуу жөнүндө иште акы төлөө каралган КЮЖ көрсөтүү стадиясы аяктаган учурдан тартып беш жумушчу күндүн ичинде координаторго Регистрди, ал эми КЮЖ көрсөтүүгө катышуу токтотулган учурдан тартып Регистрди жана Досьени өткөрүп берүүгө милдеттүү.

16. Адвокат ордерлерди так отчеттуулук бланктары катары эсепке алууну жана чыгымдоону ордерлерди тариздөө, берүү жана эсепке алуу тартиби жөнүндө Жобого ылайык жүргүзүүгө милдеттүү.

## 2. Кылмыш жасады деп шектүү кармалганда адвокаттын аракеттерине карата минималдуу талаптар же укук бузган адам

17. Нөөмөттө турган адвокат жазык кылмышын жасоого же укук бузууга шектелип кармалган адамга КЮЖ көрсөтүү үчүн кармоону жүзөгө ашырган органдан билдирүүнү (чакырууну) алган учурдан тартып же координатордон тапшырма алган учурдан тартып бир сааттан кечиктирбестен келүүгө милдеттүү.

18. Адвокатка кармоо жүргүзгөн органга келгенден кийин дароо түрдө, кармоонун жүйөлөрү жана негиздери жөнүндө маалымат алууга, кылмыштардын Бирдиктүү реестриндеги же Бирдиктүү укук бузуулардын реестриндеги материалдарды каттоонун көчүрмөлөрүн, жазык ишин же укук бузуулар жөнүндө ишти козгоо тууралуу токтомду, кармалган адамдын КЮЖ берүү жөнүндө арызын алууга, кармалган адам менен жолугушууга жана аны менен алгачкы аңгемелешүүнү өткөрүүгө тийиш.

Сүйлөшүүнүн жүрүшүндө адвокат алуучуда анын укуктары түшүндүрүлгөнбү жана кармоону жүзөгө ашырган орган тарабынан коопсуздук камсыздалганбы, анын ичинде медициналык кароо, дарыгердин жардамы, телефон байланышы аркылуу туугандарына кармалгандыгы жана анын турган жери жөнүндө кабарлоо укугу да аныкталууга тийиш (маек өткөрүү фактысы кармалган адамдын белгиленген формадагы колу менен ырасталат).

19. Адвокат тергөө органдары жана кармоону жүзөгө ашырган башка адамдар тарабынан кармалган адамга карата ар кандай физикалык же психикалык кысымдарга каршы турууга тийиш.

Физикалык жана/же психикалык кысым колдонууга шектенүү пайда болгон учурда адвокат КЮЖ алуучу менен макулдашуу боюнча же анын талабы боюнча прокуратурага же сотко тиешелүү даттануу берүүгө милдеттүү. Алуучунун мындай даттанууну берүүдөн баш тартуу фактысы анын белгиленген формадагы кол тамгасы менен ырасталат.

20. Адвокат кармоонун, жеке тинтүүнүн протоколдору менен таанышууга жана зарыл болгон учурда өзүнүн жазуу жүзүндөгү сын-пикирлерин (анын ичинде мыйзамда белгиленген мөөнөттөрдү сактоо боюнча) киргизүүгө, тергөөчү же аны түзгөн адам тарабынан кол коюлган кармоо протоколдорун, жеке тинтүүнүн протоколдорун, киргизилген сын-пикирлери менен (эгерде бар болсо)алууга тийиш.

21. Адвокат жетиштүү негиздер болгон учурда алуучунун кармалышынын мыйзамдуулугуна жана негиздүүлүгүн прокуратурага же сотко даттанууга милдеттүү.

22. Эгерде кармалган адам адвокат келгенден кийин МКЮЖдан баш тартса, адвокат жазуу жүзүндө баш тартууну же тергөөчү, кармоону жүзөгө ашырган адам кол койгон токтомду же актыны, ошондой эле КЮЖ алууга алуучунун алгачкы арызынын көчүрмөсүн алууга жана бул жөнүндө координаторго жазуу жүзүндө билдирүүгө тийиш.

23. Камакка алуу түрүндөгү жаза чарасын колдонууга алып келген укук бузуу жөнүндө протокол түзүлгөндөн кийин дароо соттун кароосуна берилишин адвокат контролдоого тийиш.

24. Адвокат укук бузуу жөнүндөгү протоколун жана иштин башка материалдары мыйзам талаптарына ылайык түзүлгөндүгүн, камакка алуу мөөнөтү сакталышын, ошондой эле камакка алынгандардын кармалган жери санитардык ченемдерге ылайык келишин жана кандайдыр бир ооруларды алуу (жуктуруу) мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарууну көзөмөлдөөгө милдеттүү.

25. Адвокат балдарга, элүү беш жаштан ашкан аялдарга жана алтымыш жаштан ашкан эркектерге, кош бойлуу аялдарга, үч жашка чейинки балдары бар аялдарга жана он алты жашка чейинки баланы жалгыз тарбиялаган адамдарга, ошондой эле биринчи жана экинчи топтогу майыптыгы бар ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга карата камакка алуу түрүндөгү жазаны колдонуу мыйзамга дал келбестиги жөнүндө сотко көрсөтүүгө милдеттүү, адвокат жогоруда аталган жарандарга камакка алуу түрүндөгү жаза колдонулган учурда соттун токтомуна апелляциялык инстанциядагы сотко даттанууга милдеттүү.

26. Адвокат камакка алуу түрүндө жаза салынышы мүмкүн болгон укук бузуу жөнүндө ишин укук бузуу жөнүндөгү протоколун жана иштин башка материалдары алынган күнү, адам кармалган учурдан тартып 48 сааттан кечиктирилбестен каралышын контролдоого милдеттүү.

27. Жетиштүү негиздер болгондо же Алуучунун талабы боюнча адвокат укук бузуу жөнүндө иш боюнча камакка алуу түрүндөгү жазаны кабыл алынган соттун токтомуна апелляциялык тартипте экинчи инстанциядагы соттторго даттанууга милдеттүү.

28. Камакка алуу түрүндө жаза чарасын колдонуу жөнүндө соттун токтомуна даттанууну (сунуштаманы) кароодо адвокат апелляциялык инстанцияга катышууга тийиш.

## 3. Кылмыш иши боюнча сотко чейинки өндүрүшкө катышканда адвокаттын аракеттерине минималдуу талаптар

29. Эгерде адвокат кылмыш иши боюнча кармоо стадиясына катышпаса, КЮЖ алуучу менен жолугушууга, алгачкы сурамжылоо жүргүзүүгө (сурамжылоо жүргүзүү фактысы КЮЖ алуучунун белгиленген формадагы колу менен ырасталат) жана кылмыш ишинин материалдары менен толук көлөмдө таанышууга милдеттүү.

30. Адвокат КЮЖ алуучунун позициясын, коргоо стратегиясын аныктоого жана аны менен макулдашууга (макулдашуу фактысы белгиленген формадагы КЮЖ алуучунун колу менен ырасталат) жана КЮЖ алуучунун укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого багытталган бардык зарыл чараларды көрүүгө милдеттүү.

30. Адвокат КЮЖ алуучунун позициясын, коргоо стратегиясын аныктоого жана аны менен макулдашууга (макулдашуу фактысы белгиленген формадагы КЮЖ алуучунун колу менен ырасталат) жана КЮЖ алуучунун укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого багытталган бардык зарыл чараларды көрүүгө милдеттүү.

32. Адвокат КЮЖ алуучунун катышуусу менен жүргүзүлүүчү бардык процесстик жана тергөө аракеттерине катышууга милдеттүү (адвокаттын катышкандыгынын фактысы да КЮЖ алуучунун белгиленген формадагы колу менен ырасталат).

33. Эгерде тергөө аракеттери адвокаттын катышуусуз жүргүзүлүп, анын натыйжасында КЮЖ алуучунун укуктары жана мыйзамдуу кызыкчылыктары бузулган учурда адвокат аларга даттанууга милдеттүү.

34. Адвокат КЮЖ алуучуну кармоонун мыйзамдуулугу жана КЮЖ алуучуга бөгөт коюу чарасын тандоо жөнүндө маселени чечүүдө сот жыйындарына катышууга милдеттүү.

35. Адвокат кармоонун мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн таануу жана бөгөт коюу чарасын тандоо жөнүндө өтүнүч сот тарабынан чечилгенде жактоочу тараптын позициясын билдирүүгө милдеттүү. Негиздер болгондо же КЮЖ алуучунун талабы боюнча адвокат тергөөчүгө, прокурорго жана/же сотко эркиндигинен ажыратууга байланышпаган бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө өтүнүч менен (оозеки же жазуу жүзүндө) кайрылууга милдеттүү.

36. Эгерде сот тарабынан КЮЖ алуучунун кармалышын мыйзамсыз деп таанууга алып келүүчү жагдайлар эске алынбаса же КЮЖ алуучунун талабы боюнча адвокат кармоонун мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү жөнүндө соттук актыга даттанууга милдеттүү.

37. Эгерде эркиндигинен ажыратууга байланышпаган бөгөт коюу чарасын колдонуу үчүн негиздер жана мүмкүнчүлүктөр болсо же КЮЖ алуучунун талабы боюнча адвокат камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө соттук актыга даттанууга милдеттүү.

38. Адвокат КЮЖ алуучунун бөгөт коюу чарасын өзгөртүү жөнүндө өтүнүч сотто каралганда, ага негиздер болгондо же КЮЖ алуучунун талабы боюнча камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чарасын узартуу/өзгөртүү жөнүндө өтүнүч билдирүүгө милдеттүү.

39. Адвокат биринчи инстанциядагы сотторго (тергөө судьясы) прокурордун, тергөөчүнүн, тергөө бөлүмүнүн жетекчисинин, алгачкы текшерүү органдарынын токтомдоруна, чечимдерине, аракеттерине (аракетсиздигине) даттанууда жана ошондой эле тараптардын арыздарын, өтүнүчтөрүн, прокуратуранын/тергөөчүнүн өтүнүчтөрүн же (сунуштамаларын) адвокаттын катышуусу милдеттүү болуп саналган учурларда,) катышууга милдеттүү.

40. Адвокат кылмыш сот өндүрүшүн жүзөгө ашыруучу мамлекеттик органдардын жана кызмат адамдарынын (укук коргоо жана көзөмөлдөө органдары) чечимдерине, аракеттерине (аракетсиздигине) негиз болгондо же КЮЖ алуучунун талабы боюнча даттанууга милдеттүү.

41. Адвокат тергөө судьясынын берген даттануулары же прокуратуранын сунуштары боюнча токтомдоруна даттануу учурунда апелляциялык жана кассациялык инстанциядагы сотторго катышууга милдеттүү.

42. Адвокат КЮЖ алуучуга айып коюуда аны суракка алууга катышууга милдеттүү.

43. Адвокат кылмыш ишинин материалдары менен тигилген жана номерленген түрдө, колдо болгон бардык документтердин тизмеси менен таанышууга милдеттүү.

## 4. Адвокаттардын кылмыш иши боюнча биринчи инстанциядагы соттордогу аракеттерине коюлуучу минималдуу талаптар

44. Адвокат, эгерде кылмыш иши боюнча сотко чейинки өндүрүшкө катышпаса, алгачкы сурамжылоону жүргүзүү (сурамжылоо жүргүзүү фактысы КЮЖ алуучунун колу менен белгиленген формада ырасталат) жана кылмыш ишинин материалдары менен толук көлөмдө таанышуу.

45. Адвокат КЮЖ алуучу менен жолугушууга, иштин жагдайлары боюнча маек өткөрүүгө, позицияны аныктоого жана сотто коргоонун стратегиясын талкуулоого, КЮЖ алуучуга анын укуктарын жана милдеттерин, күнөөсүн моюнга алуунун кесепеттерин түшүндүрүүгө жана алуучу өзүн эскертпей тургандыгына ынанууга милдеттүү (бул иш-аракеттерди адвокаттын аткаргандыгынын фактысы КЮЖ алуучунун белгиленген формадагы колу менен ырасталат)

46. КЮЖ алуучуну камакта кармоо мөөнөтү бузулган учурда адвокат аны камакта мыйзамсыз кармоо жана аны токтоосуз бошотуу жөнүндө өтүнүч билдирүүгө тийиш.

47. Адвокат КЮЖ алуучунун бөгөт коюу чарасын өзгөртүү жөнүндө буга негиздер болгон учурда же КЮЖ алуучунун талабы боюнча камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасынын мөөнөтүн узартуу жөнүндө өтүнүч сотто каралганда өтүнүч билдирүүгө милдеттүү.

48. Адвокат иш боюнча болгон бардык далилдерди сот тарабынан ар тараптуу жана толук көлөмдө иликтенишине көмөктөшүүгө тийиш. Сот

тарабынан бул талаптар бузулган учурда адвокат бул тууралуу жазуу жүзүндө билдирүү жасоого тийиш (баш тартуу, төрагалык кылуучунун аракеттерине протокол алдында каршы пикир билдирүү же мыйзамда жол берилген башка аракеттер аркылуу).

49. Адвокат бардык сот отурумдарына, тараптардын жарыш сөздөрүнө, алуучунун акыркы сөзүнө катышууга жана өкүмдү жарыя кылууга катышууга милдеттүү (адвокаттын катышуу фактысы белгиленген формадагы КЮЖ алуучунун колу менен да ырасталат).

50. Адвокат мыйзамда белгиленген мөөнөттө сот актысын алууга милдеттүү - эгерде сот актысы даяр эмес болсо аны берүү жөнүндө жазуу жүзүндө арыз берүүгө.

51. Негиздер болгондо же КЮЖ алуучунун талабы боюнча адвокат иш боюнча акыркы чечим чыгарылганга чейин кабыл алынган соттун токтомдоруна (аныктамаларына) даттанууга милдеттүү, эгерде мындай Токтомдор (аныктамалар) акыркы чечимден өзүнчө даттанылууга тийиш болсо, ошондой эле даттанууну караган учурда сот жыйындарына катышууга милдеттүү.

## 5. Адвокаттардын кылмыш иши боюнча апелляциялык инстанциядагы соттордогу аракеттерине коюлуучу минималдуу талаптар

52. Адвокат (эгерде кылмыш иши боюнча биринчи инстанциядагы сотко катышпаса) алгачкы сурамжылоону жүргүзүүгө (сурамжылоо жүргүзүү фактысы белгиленген формадагы КЮЖ алуучунун колу менен ырасталат) жана жазык ишинин материалдары менен толук көлөмдө таанышууга милдеттүү.

53. Адвокат алуучу менен жолугушууга, ага соттук актынын маңызын түшүндүрүүгө, өкүмгө жана талаш-тартыштын маңызы боюнча эмес апелляциялык тартипте кабыл алынган башка соттук актыларга даттануу мүмкүнчүлүгүн жана зарылдыгын талкуулоого милдеттүү (адвокат тарабынан бул иш-аракеттерди аткаруу фактысы белгиленген формадагы КЮЖ алуучунун колу менен ырасталат).

54. Эгерде адвокат жана КЮЖ алуучу сот актыларына апелляциялык тартипте же КЮЖ алуучунун талабы боюнча даттануу зарылдыгы жөнүндө тыянакка келген учурда, адвокат КЮЖ алуучу менен макулдашып, мыйзамда белгиленген тартипте жана мөөнөттө апелляциялык даттанууну түзүүгө жана киргизүүгө тийиш.

55. Прокурор тарабынан сот актысына сунуш киргизилген учурда адвокат КЮЖ алуучу менен сунуштаманы талкуулоого, ага берилген сунуштаманын маңызын жана жазуу жүзүндөгү каршы пикирди киргизүү мүмкүнчүлүгүн түшүндүрүүгө, позицияны иштеп чыгууга жана КЮЖ алуучу менен макулдашып жазуу жүзүндөгү каршы пикирди киргизүүгө тийиш.

56. Адвокат кылмыш ишин апелляциялык инстанциядагы сотто кароодо сот жыйындарына катышууга, жарыш сөздөрдө чыгып сүйлөөгө, алуучунун акыркы сөзү менен чыгып сүйлөөсүндө жана сот актысын жарыя кылууда

катышууга милдеттүү (адвокаттын катышуусунун фактысы ошондой эле КЮЖ алуучунун белгиленген формадагы кол тамгасы менен ырасталат).

## 6. Сотто жазык иши боюнча кассациялык инстанциясында адвокаттын аракетине карата минималдуу талаптар

57. Адвокат (эгерде ал ошол жазык иши боюнча биринчи, аппеляциялык инстанциядагы сотко катышпаса) жазык ишинин материалдары менен толук көлөмдө таанышууга, алуучу менен жолугушууга жана алгачкы сурамжылоо жүргүзүүгө (сурамжылоо фактысы КЮЖ алуучунун белгиленген формадагы колу менен ырасталат) милдеттүү.

58. Адвокат КЮЖ алуучу менен бирдикте кабыл алынган сот актыларына толук көлөмдө же анын белгилүү бир бөлүгүндө кассациялык даттануу мүмкүнчүлүгү жана зарылдыгы жөнүндө маселени чечүүгө тийиш. Эгерде адвокат жана КЮЖ алуучу сот актыларына кассациялык тартипте же КЮЖ алуучунун талабы боюнча даттануу зарылдыгы жөнүндө тыянакка келсе, адвокат алуучу менен макулдашуу боюнча позицияны иштеп чыгууга, мыйзамда белгиленген тартипте жана мөөнөттө кассациялык даттанууну түзүүгө жана киргизүүгө тийиш (макулдашуу фактысы КЮЖ алуучунун белгиленген формадагы колу менен ырасталат).

59. Прокурор тарабынан сот актысына сунуштама киргизилген учурда адвокат КЮЖ алуучу менен сунуштаманы талкуулоого, берилген сунуштаманын маңызын жана жазуу жүзүндөгү каршы пикирди киргизүү мүмкүнчүлүгүн түшүндүрүүгө, позицияны иштеп чыгууга жана жазуу жүзүндөгү каршы пикирди киргизүүгө тийиш

## 7. Кылмыш иши боюнча өкүмдү аткаруу стадиясында адвокаттын аракеттерине коюлуучу минималдуу талаптар

60. КЮЖ алуучу өкүмдү аткаруу стадиясында квалификациялуу юридикалык жардам алуу үчүн кайрылган учурда, адвокат сот актылары менен таанышууга, КЮЖ алуучу менен жолугушууга жана эгерде КЮЖ алуучу пенитенциардык тутумдун органдарында болсо - ага келип, анын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрүп берүүгө, позициясын талкуулоого жана анын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо боюнча зарыл чараларды көрүүгө тийиш (бул иш-аракеттерди адвокаттын аткаргандыгынын фактысы белгиленген формадагы КЮЖ алуучунун колу менен ырасталат).

## 8. Ишти жаңы же жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча кароодо же ишти жазык иши боюнча жаңыдан кароого кайтарууда адвокаттын аракеттерине карата минималдуу талаптар

9.

61. Адвокат, эгерде ал ошол жазык иши боюнча биринчи, апелляциялык же кассациялык инстанцияларга катышпаган болсо, алуучуну алгачкы

сурамжылоону жүргүзүүгө жана жазык ишинин материалдары менен толук көлөмдө таанышууга милдеттүү (сурамжылоо жүргүзүү фактысы КЮЖ алуучунун колу менен белгиленген формада ырасталат)

62. Адвокат алуучу менен жолугушууга, позицияны иштеп чыгууга, иш боюнча зарыл болгон процессуалдык документтерди мыйзамда белгиленген тартипте жана мөөнөттө түзүүгө жана сотко киргизүүгө милдеттүү.

63. Адвокат буга негиздер болгон учурда же КЮЖ алуучунун талабы боюнча камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасынын мөөнөтүн узартуу жөнүндө өтүнүч сотто каралганда КЮЖ алуучунун бөгөт коюу чарасын өзгөртүү жөнүндө өтүнүч жасоого милдеттүү.

61. Адвокат иш боюнча болгон бардык далилдерди сот тарабынан ар тараптуу жана толук көлөмдө иликтенишине көмөктөшүүгө тийиш. Сот тарабынан бул талаптар бузулган учурда адвокат бул тууралуу жазуу жүзүндө билдирүү жасоого тийиш (баш тартуу, төрагалык кылуучунун аракеттерине протокол алдында каршы пикир билдирүү же мыйзамда жол берилген башка аракеттер аркылуу).

62. Адвокат бардык сот отурумдарына, тараптардын жарыш сөздөрүнө, КЮЖ алуучунун акыркы сөзүнө катышууга жана өкүмдү жарыя кылууга катышууга милдеттүү (адвокаттын катышкандыгынын фактысы белгиленген формадагы КЮЖ алуучунун колу менен да ырасталат).

63. Адвокат мыйзамда белгиленген мөөнөттө сот актысын алууга же сот актысын берүү мөөнөтүн бузган учурда аны алуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү арыз менен кайрылууга милдеттүү.ө

64. Буга негиздер болгон учурда адвокат иш боюнча акыркы чечим чыгарылганга чейин кабыл алынган соттун токтомдоруна (аныктамаларына) даттанууга милдеттүү, эгерде мындай Токтомдор (аныктамалар) акыркы чечимден өзүнчө даттанылууга тийиш болсо, ошондой эле даттанууну караган учурда сот жыйналыштарына катышууга милдеттүү.

## 9. 9. Балдар үчүн юстиция маселелери боюнча адистешкен адвокаттын аракеттерине минималдуу талаптар

65. Адвокат мыйзам менен чатагы бар балдарга, ошондой эле жабырлануучуларга же болбосо күбөлөргө КЮЖ көрсөтүүдө өзүнүн коргоосун КЮЖ алуучунун эң жакшы кызыкчылыктарын, анын жеке коопсуздугун, ар-намысын жана кадыр-баркын урматтоону камсыз кылууга багыттоого тийиш.

66. КЮЖ балага берүүгө балдар үчүн Юстиция маселелери боюнча адистештирилген окутуу курсунан өткөн адвокатка жол берилет.

67. Адвокат КЮЖ алуучу бала менен мыйзамдуу өкүлдөрдүн же психологдун катышуусунда, ИИОнун, соттордун адистештирилген жайларында гана жолугууга жана кандайдыр бир сурак формасын кошпогондо, сүйлөшүү түрүндө гана диалог жүргүзүүгө тийиш.

68. Адвокат ар кандай тергөө аракеттерин жүргүзүүдө жана сот процесстеринде аудио жана видео жазууларды колдонууну талап кылууга тийиш.

69. Адвокат тергөө иштеринде жана сотто мыйзамдуу өкүлдөрдүн, психологдун катышуусу менен ишти кароону талап кылышы керек.

## 10. Жабырлануучуга жазык иши боюнча КЮЖ көрсөтүүдө адвокаттын аракеттерине карата минималдуу талаптар

70. Адвокат координатордун аны дайындоо жөнүндө чечиминин жана ордердин негизинде жабырлануучуларга жазык ишине КЮЖ көрсөтүү боюнча катышууга киришет.

71. Адвокат жазык ишинин материалдары менен таанышууга, КЮЖ алуучу менен жолугушууга жана анын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрүүгө, иштин жагдайлары боюнча аңгемелешүү жүргүзүүгө, иш боюнча позициясын аныктоого милдеттүү (бул иш-аракеттерди адвокаттын аткаргандыгынын фактысы белгиленген формадагы КЮЖ алуучунун колу менен ырасталат).

72. Адвокат жабырлануучунун катышуусу менен жүргүзүлүүчү бардык тергөө аракеттерине, ошондой эле жабырлануучу милдеттүү түрдө катыша турган сотко чейинки жана соттук өндүрүштүн бардык стадияларындагы бардык сот жыйындарына катышууга милдеттүү.

73. Адвокат буга жетиштүү негиздер болгондо же КЮЖ алуучунун талабы боюнча тергөө органдарынын, прокурордун аракеттерине (аракетсиздигине), чечимдерине же болуп өткөн сот актысына, анын ичинде тергөө судьясынын, соттун аракеттерине (аракетсиздигине) даттануу түзүүгө жана берүүгө милдеттүү.

Тиркеме № ____
МКЮЖ системасында кылмыш иштери жана укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча КЮП көрсөткөн адвокаттардын ишинин сапатынын стандарттарына

кылмыш иши же укук бузуу жөнүндө иш боюнча (керектүүсүнүн асты сызылат) _______________________________________карата адвокат__________________________________________________________

Адвокаттын кармоо учурунда жана сотко чейинки өндүрүштүн алкагында катышуусу

| ДАТАСЫ | УБАКТЫСЫ | ЖАСАЛГАН ИШ-АРАКЕТТЕР | КОЛ ТАМГАСЫ | ЭСКЕРТҮҮЛӨР |
|---|---|---|---|---|
| **1. Адвокаттын кармоо учурунда катышуусу** | | | | |
| | | Алгачкы сүйлөшүү (сурамжылоо) | | |
| | | Физикалык, психикалык же башка түрдөгү зомбулукту колдонууга шектенүү болгон учурда даттануу берүүдөн баш тартуу | | |
| | | Алуучунун талабы боюнча физикалык, психикалык же башка түрдөгү зомбулукту колдонууга даттануу | | |
| | | Кармоону жүзөгө ашырган органга келген адвокаттын катышуусунан алуучунун баш тартуусу | | |
| | | Иш боюнча Позиция макулдашылды | | |
| **2. Адвокаттардын сотко чейинки өндүрүш стадиясында катышуусу** | | | | |
| | | Күнөөнү моюнга алуунун укуктук кесепеттери түшүндүрүлдү. Өзүн-өзү айыптоо күнөөнү моюнга алуу болуп эсептелинбейт | | |
| | | Кармоонун мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү жана бөгөт | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | коюу чарасын колдонуу боюнча Позиция макулдашылды | | |
| | | Тергөө судьясынын мыйзамдуу жана негиздүү деп табуу жөнүндө токтомуна даттануу боюнча Позиция макулдашылды | | |
| | | Тергөө судьясынын бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө токтомуна даттануу боюнча Позиция макулдашылды | | |
| | | Бөгөт коюу чарасын узартуу өтүнүчүнө каршы пикир боюнча Позиция а менен макулдашылды | | |
| | | Тергөө органдарынын, прокуратуранын аракеттерине, аракетсиздигине, чечимдерине даттануу берүү зарылдыгы макулдашылды | | |
| | | Иштин материалдары менен таанышып, айыптоонун маңызы түшүндүрүлдү. | | |
| | | Кыргыз Республикасынын "Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө" Мыйзамынын 26-беренесинде көрсөтүлгөн пункттар бузулган учурда квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү токтотула тургандыгы жөнүндө эскертилди | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Адвокатттын КЮЖ алуучу менен жолугушуусу | | |
| | | Адвокатттын КЮЖ алуучу менен жолугушуусу | | |
| | | Адвокатттын КЮЖ алуучу менен жолугушуусу | | |
| | | Адвокатттын КЮЖ алуучу менен жолугушуусу | | |

____________________________
Адвокаттын А.А.А колу

«___» ________20__ ж.

**Кыргыз Республикасынын**
**Юстиция министрлигине караштуу**
**Юридикалык жардам кызматынын**
**2025-жылдын «24» декабрындагы**
**№ 34 буйругу менен бекитилген**

**Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасында жарандык иштер боюнча квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүчү адвокаттардын ишинин сапатынын стандарттары**

## КИРИШҮҮ

Ушул адвокаттардын ишинин сапатынын Стандарттары, мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасында жарандык иштер боюнча квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүчү (мындан ары текст боюнча - Стандарттар), Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин, «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын, адвокаттардын кесиптик этикасынын кодексинин жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынын негизинде иштелип чыккан.

Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам (мындан ары текст боюнча – МКЮЖ) системасынын алкагында көрсөтүлүүчү Стандарттар квалификациялуу юридикалык жардамдын (мындан ары текст боюнча – КЮЖ) сапатын жогорулатуу максатында иштелип чыккан жана бекитилген.

Жарандык иштер боюнча Стандарттар КЮЖ көрсөтүүдө адвокаттын ишине карата бирдиктүү талаптарды камтыйт, аларды белгилөө адвокаттын мыйзамдарда тыюу салынбаган башка каражаттарды пайдалануусуна чек койбойт.

Адвокат тарабынан жасалган аракеттердин ылааттуулугу жана жетиштүүлүгү ушул Стандарттарга жана жарандык иштин конкреттүү жагдайларына ылайык аныкталат.

Бул Стандарттар мамлекет кепилдеген юридикалык жардам (мындан ары текст боюнча – МКЮЖ) берүү боюнча Мамлекеттик реестрге (мындан ары текст боюнча – Реестр) кирген адвокат менен Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Юридикалык жардам кызматынын (мындан ары текст боюнча - ЮЖК) ортосунда түзүлгөн квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө келишимдин (мындан ары текст боюнча - КЮЖ) ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

Стандарттардын жоболору адвокат тарабынан мыйзамдардын талаптарын сактаган шартта адвокаттын көз карандысыздыгына каршы келген аракеттерди жасоого көрсөтмө берүүчү же жол берүүчү катары чечмеленүүгө тийиш эмес.

### 1. Жалпы жоболор

1. «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын жарандары, доогерлер жана жарандык сот өндүрүшүнүн тараптары жарандык иштер боюнча КЮЖ алуучулар (мындан ары – КЮЖ алуучу) болуп саналат.
2. КЮЖ көрсөтүү үчүн адвокат координатор тарабынан тиешелүү айга бекитилген кезметчилик графигине ылайык Реестрден дайындалат.
3. Адвокат жарандык иште КЮЖ көрсөтүүгө аны дайындоо жөнүндө координатордун чечиминин жана ордердин негизинде гана киришет.
4. КЮЖ алуучу процессуалдык документтерге кол коет жана адвокат менен бирге сот отурумдарына катышат.

5. Эгерде КЮЖ алуучу жарандык сот өндүрүшүндө ден соолугунун абалы боюнча сот отурумдарына бара албаса, адвокаттын ыйгарым укуктары КЮЖ алуучу тарабынан берилген нотариалдык күбөлөндүрүлгөн ишеним кат менен тариздelet.
6. Адвокаттын КЮЖ алуучунун кызыкчылыгында координатордун дайындоо жөнүндө чечимисиз жарандык ишке катышса, адвокатка карата мыйзамдарда каралган таасир этүү чараларын колдонууга негиз болот.
7. Адвокат дежур күнү бештен ашык эмес жарандык иштер боюнча КЮЖ көрсөтүүгө катыша алат.
8. Реестрге кирген адвокаттардын саны чектелген республиканын административдик-аймактык бирдигинде ушул Стандарттардын карталардын 5-пункту колдонулбайт.
9. Макулдашуу боюнча кызыкчылыктардын кагылышы болгон учурда адвокат алуучуга КЮП берүүнү токтотуу жөнүндө маселени андан ары чечүү үчүн координаторго бул тууралуу токтоосуз маалымдоого милдеттүү.
10. Адвокат, өзүн коргоо учурларын кошпогондо, КЮЖ көрсөтүүгө байланыштуу ага белгилүү болгон жана адвокаттык же мыйзам менен корголуучу башка сырды түзгөн маалыматтарды ачыкка чыгарууга укугу жок.
11. КЮЖ көрсөтүү процессинде жарандык процесстин стадиясына карабастан адвокат:
- КЮЖ алуучуга консультация берет жана ага иш боюнча колдонулуучу процесстик укуктарды жана милдеттерди, материалдык жана процесстик укуктун ченемдерин түшүндүрөт;
- КЮЖ алуучуга иштин материалдары менен таанышууда, доолорду, арыздарды, доолорго/арыздарга каршы пикирлерди, өтүнүч каттарды, даттанууларды жана алуучу тарабынан кол коюлушу мүмкүн болгон башка процесстик документтерди жазууда жардам көрсөтөт;
- коргонуунун мыйзамдарда тыюу салынбаган башка каражаттарын жана ыкмаларын пайдаланат.
12. Адвокат КЮЖ алуучу менен координатор дайындаган учурдан тартып бир сутканын ичинде жолугушууга жана андан кийин сотко чейинки өндүрүш стадиясында үчтөн кем эмес жана сотто ишти кароонун ар бир стадиясында экиден кем эмес жолугушуу өткөрүүгө милдеттүү.
13. Адвокат сот өндүрүшүнүн ар кандай стадиясында Кыргыз Республикасынын процесстик мыйзамдарында белгиленген мөөнөттөрдү сактоого милдеттүү.
14. Адвокат жарандык ишке катышуусун токтотот:
- координатордун чечими менен;
- акыркы сот актысын алгандан кийин жана бул жөнүндө координаторго токтоосуз жазуу жүзүндө билдирүү менен.
15. Адвокат жарандык иш боюнча КЮЖ көрсөтүү боюнча адвокаттык досье (мындан ары текст боюнча – Досье) жана КЮЖ көрсөтүү боюнча Регистр (мындан ары текст боюнча - Регистр) жүргүзүүгө милдеттүү. Көрсөтүлгөн КЮЖдын сапаты Досье жана каттоо материалдары менен тастыкталат.
16. Стандарттардын аткарылышы адвокат тарабынан отчетто жана ушул Стандарттардын ажырагыс бөлүгү болуп саналган формаларда чагылдырылууга тийиш. Отчеттун бланкы жана формасы ЮЖК тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.
17. Адвокат төлөм каралган жарандык иште КЮЖ көрсөтүү стадиясы аяктаган учурдан тартып беш жумушчу күндүн ичинде координаторго Регистрди кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы боюнча өткөрүп берүү, ал эми КЮЖ көрсөтүүгө катышуу токтотулган учурдан тартып Регистрди жана Досьени берүүгө милдеттүү.
18. Адвокат ордерлерди так отчеттуулук бланктары катары эсепке алууну жана чыгымдоону ордерлерди тариздөө, берүү жана эсепке алуу тартиби жөнүндө Жобого ылайык жүргүзүүгө милдеттүү.

## 2. Жарандык ишти даярдоодо адвокаттын аракеттерине коюлуучу минималдуу талаптар

Жарандык ишке процесстин кайсы стадиясында болбосун киришип жатып, адвокат КЮЖ алуучу менен жолугушууга жана алуучунун проблемаларын жана максаттарын (ал алгысы келген натыйжалар, каалаган кырдаалды көрүү), иш боюнча жагдайлар жана далилдер жөнүндө маалымат алуу, ишенимди жана өз ара түшүнүшүүнү орнотуу (аңгемелешүү өткөрүү фактысы белгиленген формада алуучунун колу менен ырасталат) максатында аны менен алгачкы аңгемелешүү өткөрүүгө тийиш.

19. КЮЖ алуучу менен алгачкы аңгемелешүүнүн жүрүшүндө адвокат ишке тиешеси болушу мүмкүн болгон бардык деталдарды (окуянын катышуучулары жөнүндө маалыматтар, мүмкүн болгон далилдер жөнүндө маалыматтар, алуучунун буга чейин жасаган аракеттери, кайрылуулары жана алардын натыйжалары, доонун эскирүү мөөнөттөрү жөнүндө маалыматтар) тактайт.

20. Алгачкы маектешүүдөн кийин адвокат иштин фактылык жагдайларын талдоого жана жарандык иш боюнча тиешелүү позицияны иштеп чыгууга киришет, анын ичинде, бирок төмөнкү аракеттер менен чектелбейт:

- алынган маалыматты системалаштыруу;
- алуучунун укуктук мамилелерин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды изилдөө;
- алуучунун маселелерине окшош маселелер боюнча сот практикасын изилдөө;
- талаш укуктук мамилелердин укуктук квалификациясы;
- алуучунун талаптарын алардын тиешелүүлүгү, жол берилиши жана аныктыгы позициясынан негиздеген далилдерди системалаштыруу;
- КЮЖ алуучунун жана адвокаттын аракеттерин, адвокат менен алуучунун зарыл болгон жолугушууларынын санын бөлүп көрсөтүү менен иш-аракеттер планын ишке катышууга адистерди, эксперттерди, котормочуларды, күбөлөрдү тартуу жөнүндө маселени чечүү менен иштеп чыгуу жана макулдашуу.
- КЮЖ алуучу менен иш-аракеттер планына кол коюу.

21. Жарандык ишти талдоодон кийин адвокат КЮЖ алуучуга иш боюнча вариативдүү позицияларды сунуш кыла алат жана алардын ар бирин ишке ашыруунун укуктук кесепеттерин, позициялардын ар бирин ишке ашыруу үчүн КЮЖ алуучу жана/же адвокат жасашы зарыл болгон процесстик жана иш жүзүндөгү аракеттердин көлөмүн түшүндүрүп бере алат, сунушталган позициялардын ар бири менен коштолгон чыгымдардын, чыгымдардын жана тобокелдиктердин өлчөмүн сүрөттөп бере алат (адвокат тарабынан бул иш-аракеттерди аткаруу фактысы белгиленген формадагы КЮЖ алуучунун колу менен ырасталат).

22. Жарандык иш боюнча укуктук позиция берилген кызыкчылыктардын мыйзамдуулугуна, алуучунун позициясынын карама-каршылыгына, КЮЖ алуучунун укуктук позиция жөнүндө кабардар болуусуна жана аны менен макулдугуна ылайык келүүгө тийиш.

23. КЮЖ алуучу иш боюнча тиешелүү позицияны тандап алгандан кийин адвокат мындай позицияны ишке ашырууга багытталган бардык зарыл болгон даярдык көрүү аракеттерин көрүшү керек, анын ичинде далилдердин бар экендигин текшерүү, далилдөө процессин ойлонуу жана позицияны ишке ашырууга багытталган башка иш жүзүндөгү жана юридикалык аракеттерди алгачкы аңгемелешүү өткөрүлгөн күндөн тартып 10 жумушчу күндөн кечиктирбестен жасашы керек (бул иш-аракеттерди адвокаттын аткаргандыгынын фактысы белгиленген формадагы КЮЖ алуучунун колу менен ырасталат).

24. Бул этапта адвокат, анын ичинде каржылык жарандык иштин соттук келечегин жана бул иш менен байланышкан тобокелдиктерди, баа берүүгө тийиш. Эгерде КЮЖ алуучу өзү үчүн соттук териштирүүнүн келечексиздигин билип жана түшүнүп, ошого карабастан кандайдыр бир башка себептер менен ишти сотко жеткирүүнү талап кылса, жарандык иште соттук келечек дээрлик жок болсо, адвокат мындай тапшырманы аткарууга укуктуу. Мындай учурда адвокат КЮЖ алуучунун жазуу жүзүндөгү ырастоосун алуусу зарыл.

25. Адвокат доо арызын, суроо-талаптарды, арыздарды, өтүнүчтөрдү жана башка керектүү процесстик документтерди түзөт. Доо арызына же арызга, ошондой эле башка процесстик документтерге КЮЖ алуучу кол коюуга тийиш, ал эми КЮЖ алуучу ден соолугунун абалы боюнча процесстик документтерге кол кое албаса, бул документтерге алынган ишеним каттын негизинде адвокат кол коет.

## 3. Жарандык иш боюнча биринчи инстанциядагы сотто адвокаттын аракетине карата минималдуу талаптар

26. Адвокат бардык соттук жыйындарга түздөн-түз катышууга милдеттүү (адвокаттын катышкандыгынын фактысы белгиленген формадагы КЮЖ алуучунун колу менен да тастыкталат).

27. Адвокат КЮЖ алуучуга жарандык иштеги анын статусун жана талашты тараптардын жарашуусу менен жөнгө салуу мүмкүнчүлүгүн (тынчтык же медиациялык макулдашууну түзүү) түшүндүрүүгө тийиш.

28. Эгерде КЮЖ алуучу ишти жарашуу макулдашуусу менен аяктоону же медиация жол-жобосун жүргүзүүнү каалаcalled, тынчтык же медиациялык макулдашууну түзүүгө жардам көрсөтүүгө адвокат түздөн-түз катышууга милдеттүү (адвокаттын катышуу фактысы да КЮЖ алуучунун белгиленген формадагы кол тамгасы менен ырасталат).

29. Сот медиатор менен милдеттүү маалыматтык жолугушууга жиберген учурда адвокат КЮЖ алуучуну коштоп жүрүүгө милдеттүү.

30. Адвокат жарандык иштин бардык материалдары менен толук көлөмдө таанышууга милдеттүү. Бул жарандык иш боюнча сотко чейинки стадияда катышпаган адвокат КЮЖ алуучу менен жолугушууга, аны менен алгачкы аңгемелешүү өткөрүүгө, андан кийин ушул Стандарттар менен белгиленген жарандык ишке киришүү стадиясында адвокат үчүн каралган иш-чаралардын комплексин ишке ашырууга тийиш (аңгемелешүү өткөрүү фактысы белгиленген формада алуучунун колу менен ырасталат).

31. Бул этапта зарыл болгон учурда адвокат Кыргыз Республикасынын процесстик мыйзамдарында коюлган талаптарга так ылайык процесстик документтерди жана алардын тиркемелерин берүүнү түзөт жана камсыз кылат (адвокаттын бул аракеттерди аткаргандыгынын фактысы белгиленген формадагы КЮЖ алуучунун кол тамгасы менен ырасталат).

32. Адвокат иш боюнча болгон бардык далилдерди сот тарабынан ар тараптуу жана толук көлөмдө иликтенишине көмөктөшүүгө тийиш. Сот тарабынан бул талаптар бузулган учурда же КЮЖ алуучунун талабы боюнча адвокат бул тууралуу жазуу жүзүндө билдирүү жасоого тийиш (баш тартууну билдирүү, төрагалык кылуучунун аракеттерине протокол алдында каршы пикирлерди айтуу же мыйзамда жол берилген башка аракеттер менен).

33. Адвокат жарыш сөзгө катышууга жана сот актысын жарыя кылууга катышууга милдеттүү (адвокат бул аракеттерди аткаргандыгынын фактысы белгиленген формадагы КЮЖ алуучунун колу менен ырасталат).

34. Адвокат мыйзамда белгиленген мөөнөттө сот актысын алууга, эгерде сот актысы даяр эмес болсо, аны берүү жөнүндө жазуу жүзүндө арыз берүүгө милдеттүү.

35. Буга негиздер болгон учурда же КЮЖ алуучунун талабы боюнча адвокат иш боюнча акыркы чечим чыгарылганга чейин кабыл алынган соттун токтомдоруна (аныктамаларына) даттанууга милдеттүү, эгерде мындай Токтомдор (аныктамалар) акыркы чечимден өзүнчө даттанылууга тийиш болсо, ошондой эле даттанууну караган учурда сот отурумдарына катышууга милдеттүү (бул иш-аракеттердин адвокат тарабынан аткарылгандыгынын фактысы белгиленген формадагы КЮЖ алуучунун колу менен ырасталат).

## 4. Апелляциялык жана кассациялык инстанцияларда соттук актыларды кайра кароодо сотто адвокаттын аракеттерине коюлуучу минималдуу тараптар

36. Адвокат КЮЖ алуучу менен жолугушууга, ага соттук актынын маңызын түшүндүрүүгө, апелляциялык/кассациялык тартипте соттук актыга даттануунун зарылдыгын жана мүмкүнчүлүгүн талкуулоого тийиш. Адвокат КЮЖ алуучу менен чыгарылган чечимди кайра кароонун мүмкүн болуучу жолдору жөнүндө маселени талкуулоодо иштин жагдайларын кылдат иликтөөгө, кайра каралууга тийиш болгон соттук актыларда баяндалган соттордун далилдерин талдоого, аларды кайра кароо үчүн негиздердин бар же жок экендигин аныктоого тийиш (адвокат тарабынан бул аракеттерди аткаруу фактысы белгиленген формадагы КЮЖ алуучунун колу менен ырасталат).
37. Эгерде адвокат биринчи жана/ же апелляциялык инстанциядагы сотко катышпаса, анда ал жарандык иштин материалдары менен таанышышы керек.
38. Эгерде адвокат жана КЮЖ алуучу апелляциялык/кассациялык тартипте соттук актыга даттануунун зарылдыгы жана мүмкүндүгү жөнүндө тыянакка келишсе, же КЮЖ алуучу бул жөнүндө талап кылса, адвокат мыйзамда белгиленген тартипте жана мөөнөттө апелляциялык/кассациялык даттанууну түзүүгө жана киргизүүгө тийиш.
39. Апелляциялык/кассациялык даттанууда (даттанууга каршы пикирде), ошондой эле жогоруда аталган инстанциялардагы сүйлөгөн сөздөрдө КЮЖ алуучунун позициясы, анын талаптары так жана түшүнүктүү болууга тийиш.
40. Адвокат бардык соттук жыйындарга түздөн-түз катышууга милдеттүү (адвокаттын катышкандыгынын фактысы белгиленген формадагы КЮЖ алуучунун колу менен да тастыкталат).

**5. Жарандык ишти жаңыдан кароого жиберүүдө, ошондой эле жаңы же жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча адвокаттын аракеттерине коюлуучу минималдуу талаптар**

41. Жарандык иш жаңы же жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча кайра каралып чыккан, ошондой эле жарандык иш жаңыдан кароого кайтарылган учурда адвокат (эгерде биринчи, апелляциялык же кассациялык инстанциядагы сотко катышпаган болсо) иштин материалдары менен таанышууга, КЮЖ алуучу менен жолугушууга, иш боюнча позицияны иштеп чыгууга милдеттүү (аңгемелешүү өткөрүү фактысы белгиленген формада алуучунун колу менен ырасталат).
42. Адвокат иш боюнча болгон бардык далилдерди сот тарабынан ар тараптуу жана толук көлөмдө иликтенишине көмөктөшүүгө тийиш. Сот тарабынан бул талаптар бузулган учурда адвокат бул тууралуу жазуу жүзүндө же оозеки билдирүү жасоого тийиш (баш тартуу, төрагалык кылуучунун аракеттерине протокол алдында каршы пикир билдирүү же мыйзамда жол берилген башка аракеттер аркылуу).
43. Адвокат бардык сот жыйындарына, тараптардын жарыш сөздөрүнө жана сот актысын жарыя кылууга катышууга милдеттүү (адвокаттын катышкандыгынын фактысы белгиленген формадагы КЮЖ алуучунун колу менен да ырасталат).
44. Адвокат мыйзамда белгиленген мөөнөттө сот актысын алууга же сот актысын берүү мөөнөтүн бузган учурда аны алуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү арыз менен кайрылууга милдеттүү.
45. Буга негиздер болгон учурда же КЮЖ алуучунун талабы боюнча адвокат иш боюнча акыркы чечим чыгарылганга чейин кабыл алынган соттун токтомдоруна (аныктамаларына) даттанууга милдеттүү, эгерде мындай токтомдор (аныктамалар) акыркы чечимден өзүнчө даттанылууга тийиш болсо, ошондой эле мындай катышуу Кыргыз Республикасынын процесстик мыйзамдарында каралган учурда даттанууну кароодо соттук отурумдарга катышууга милдеттүү (адвокаттын катышуу фактысы да КЮЖ алуучунун белгиленген формадагы колу менен ырасталат).

Тиркеме № ____
МКЮЖ системасында жарандык иштер боюнча КЮЖ көрсөткөн адвокаттардын ишинин сапатынын стандарттарына
жарандык иш боюнча________________________________________
алуучунун статусу ___________________________________________
адвокат ______________________________________________________

| ДАТАСЫ | УБАКТЫСЫ | ИШ-АРАКЕТ | КОЛ ТАМГАСЫ | ЭСКЕРТҮҮ |
|---|---|---|---|---|
| | | Алгачкы маектешүү (сурамжылоо) | | |
| | | Иш үчүн мааниси бар документтерди алуу-өткөрүп берүү | | |
| | | Иш боюнча позиция макулдашылып, иш-чаралардын планы түзүлдү | | |
| | | Укуктук кесепеттер, чыгымдар, сарптоолор жана тобокелдиктер түшүндүрүлдү | | |
| | | Соттук териштирүүнүн келечексиз экендиги жөнүндө эскертилген, түшүнөм, ошого карабастан ишти сотко чейин жеткирүүнү талап кылам | | |
| | | Мен иштин материалдарын окуп чыктым, маңызы түшүндүрүлдү | | |
| | | Процессуалдык документтерди даярдоо | | |
| | | Сот отурумуна катышуу | | |
| | | Соттук жарыш сөзгө катышуу | | |
| | | Соттун чечимин жарыялоого катышуу | | |
| | | Жарандык иштеги статусу жана талашты тараптардын жарашуусу менен жөнгө салуу мүмкүнчүлүгү түшүндүрүлдү (тынчтык же медиациялык макулдашууну түзүү) | | |
| | | Медиация жол-жобосун жүргүзүү чечими кабыл алынган учурда же ишти жарашуу макулдашуусу менен аяктоо | | |
| | | Тынчтык же медиациялык макулдашууну түзүү | | |
| | | Медиатор менен маалыматтык жолугушууга катышуу (сот жиберген учурда) | | |
| | | Соттун аныктамаларына даттануу боюнча позиция макулдашылды, эгерде мындай даттануу мүмкүн болсо | | |

Тиркеме № ____
МКЮЖ системасында жарандык иштер боюнча КЮЖ көрсөткөн адвокаттардын ишинин сапатынын стандарттарына
жарандык иш боюнча________________________________________

алуучунун статусу _____________________________________________
адвокат ______________________________________________________

| ДАТАСЫ | УБАКТЫСЫ | ИШ-АРАКЕТ | КОЛ ТАМГАСЫ | ЭСКЕРТҮҮ |
|---|---|---|---|---|
| | | Алгачкы маектешүү (сурамжылоо) | | |
| | | Иштин материалдарын изилдөө (эгерде жактоочу биринчи инстанциядагы сотко катышпаган болсо) | | |
| | | Соттун чечимдерине даттануу боюнча позиция макулдашылды, эгерде мындай даттануу мүмкүн болсо | | |
| | | Апелляциялык/кассациялык даттанууну берүү зарылдыгы боюнча позиция макулдашылды | | |
| | | Берилген апелляциялык/кассациялык сунуш боюнча позиция макулдашылды | | |
| | | Процессуалдык документтерди даярдоо | | |
| | | Сот отурумуна катышуу | | |
| | | Соттук жарыш сөзгө катышуу | | |
| | | Соттун чечимин жарыялоого катышуу | | |
| | | Укуктук кесепеттер, чыгымдар, сарптоолор жана тобокелдиктер түшүндүрүлдү | | |

**Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Юридикалык жардам кызматынын 2025-жылдын«24» декабрындагы №34 буйругу менен бекитилди**

# Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасында административдик иштер боюнча квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүчү адвокаттардын иш сапатынын стандарттары

## КИРИШҮҮ

Ушул Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасында административдик иштер боюнча квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүчү адвокаттардын иш сапатынын Стандарттары (мындан ары текст боюнча – Стандарттар), Кыргыз Республикасынын «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Кыргыз Республикасынын Административдик-процессуалдык кодексинин, «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын, Адвокаттардын кесиптик этикасынын кодексинин жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынын негизинде Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы тарабынан иштелип чыккан.

Стандарттар мамлекет кепилдеген юридикалык жардам (мындан ары текст боюнча – МКЮЖ) системасынын алкагында көрсөтүлүүчү квалификациялуу юридикалык жардамдын (мындан ары– КЮЖ) сапатын жогорулатуу максатында иштелип чыккан жана бекитилген.

Стандарттар административдик иштер боюнча КЮЖ көрсөтүүдө адвокаттын ишине карата бирдиктүү талаптарды камтыйт, аларды белгилөө адвокаттын мыйзамдарда тыюу салынбаган башка каражаттарды пайдалануусуна чек койбойт.

Адвокат тарабынан аракеттерди жасоонун ирееттүүлүгү жана жетиштүүлүгү ушул Стандарттарга жана административдик иштердин конкреттүү жагдайларына ылайык аныкталат.

Бул Стандарттар мамлекет кепилдеген юридикалык жардам (мындан ары текст боюнча – МКЮЖ) берүү боюнча Мамлекеттик реестрге (мындан ары текст боюнча – Реестр) кирген адвокат менен Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Юридикалык жардам кызматынын (мындан ары текст боюнча - ЮЖК) ортосунда квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө түзүлгөн келишимдин (мындан ары текст боюнча – КЮЖ) ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

Стандарттардын жоболору адвокаттардын мыйзам талаптарын аткаруу шарттарында адвокаттын көз карандысыздыгына каршы келүүчү аракеттердин ал тарабынан жасалуусун тапшыруучу же ага жол берүүчү катары түшүндүрбөшү керек.

## 1. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамында көрсөтүлгөн административдик иштер боюнча КЮЖ алуучулар (мындан ары – КЮЖ алуучу) Кыргыз Республикасынын жарандары, доогерлер жана административдик сот өндүрүшүнүн тараптары болуп саналат.
2. КЮЖ көрсөтүү үчүн адвокат координатор тарабынан тиешелүү айга бекитилген кезметчилик графигине ылайык Реестрден дайындалат.

3. Адвокат административдик иште КЮЖ көрсөтүүгө координатордун адвокатты дайындоо жөнүндө чечиминин жана ордердин негизинде гана киришет.

4. КЮЖ алуучу процессуалдык документтерге кол коет жана адвокат менен бирге сот отурумдарына катышат.

5. Эгерде КЮЖ алуучу административдик сот өндүрүшүндө ден соолугунун абалы боюнча сот отурумдарына бара албаса, адвокаттын ыйгарым укуктары КЮЖ алуучу тарабынан берилген нотариалдык күбөлөндүрүлгөн ишеним кат менен таризделет.

6. Адвокаттын КЮЖ алуучунун кызыкчылыгында координатордун дайындоо жөнүндө чечимисиз административдик ишке катышуусу адвокатка карата мыйзамдарда каралган таасир этүү чараларын колдонууга негиз болот.

7. Адвокат дежур күнү бештен ашык эмес административдик иштер боюнча КЮЖ көрсөтүүгө катыша алат.

8. Реестрге кирген адвокаттардын саны чектелген республиканын административдик-аймактык бирдигинде ушул стандарттык карталардын 5-пункту колдонулбайт.

9. Таламдардын кагылышуусу же анын келип чыгуу коркунучу болгондо же эгерде алуучуда макулдашуу боюнча адвокат болсо, анда алуучуга КЮЖ берүүнү токтотуу жөнүндө маселени андан ары чечүү үчүн координаторго бул жөнүндө токтоосуз жазуу жүзүндө маалымдоого милдеттүү.

10. Адвокат, өзүн коргоо учурларын кошпогондо, КЮЖ көрсөтүүгө байланыштуу ага белгилүү болгон жана адвокаттык же мыйзам менен корголуучу башка сырды түзгөн маалыматтарды ачыкка чыгарууга укугу жок.

11. КЮЖ көрсөтүү процессинде административдик процесстин стадиясына карабастан адвокат:

- КЮЖ алуучуга консультация берет жана ага иш боюнча колдонулуучу процесстик укуктарды жана милдеттерди, материалдык жана процесстик укуктун ченемдерин түшүндүрөт;

- КЮЖ алуучуга иштин материалдары менен таанышууда, доолорду, арыздарды, доолорго/арыздарга каршы пикирлерди, өтүнүч каттарды, даттанууларды жана алуучу тарабынан кол коюлушу мүмкүн болгон башка процесстик документтерди жазууда жардам көрсөтөт;

- коргонуунун мыйзамдарда тыюу салынбаган башка каражаттарын жана ыкмаларын пайдаланат.

12. Координатор тарабынан дайындалган учурдан тартып адвокат КЮЖ алуучу менен бир сутканын ичинде жолугушууга жана андан кийин сотко чейинки өндүрүш стадиясында үчтөн кем эмес жана сотто ишти кароонун ар бир стадиясында экиден кем эмес жолугушуу өткөрүүгө милдеттүү.

13. Адвокат сот өндүрүшүнүн ар кандай стадиясында Кыргыз Республикасынын процесстик мыйзамдарында белгиленген мөөнөттөрдү сактоого милдеттүү.

14. Адвокат административдик ишке катышуусун:

- координатордун чечими менен;

- акыркы сот актысын алгандан кийин жана бул жөнүндө координаторго токтоосуз жазуу жүзүндө билдирүү менен токтотот.

15. Адвокат административдик иш боюнча КЮЖ көрсөтүү боюнча адвокаттык досье (мындан ары текст боюнча – Досье) жана КЮЖ көрсөтүү боюнча Регистр (мындан ары текст боюнча - Регистр) жүргүзүүгө милдеттүү. Көрсөтүлгөн КЮЖдын сапаты Досье жана Регистр материалдары менен тастыкталат.

16. Стандарттардын аткарылышы адвокат тарабынан отчетто жана ушул Стандарттардын ажырагыс бөлүгү болуп саналган формаларда чагылдырылууга тийиш. Отчеттун бланкы жана формасы ЮЖК тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

17. Адвокат төлөм каралган административдик иште КЮЖ көрсөтүү стадиясы аяктаган учурдан тартып беш жумушчу күндүн ичинде координаторго Регистрди кабыл алуу-өткөрүп

берүү актысы боюнча, ал эми КЮЖ көрсөтүүгө катышуу токтотулган учурдан тартып Регистрди жана Досьени берүүгө милдеттүү.

18. Адвокат ордерлерди так отчеттуулук бланктары катары эсепке алууну жана чыгымдоону ордерлерди тариздөө, берүү жана эсепке алуу тартиби жөнүндө Жобого ылайык жүргүзүүгө милдеттүү.

## 2. Административдик ишти даярдоодо адвокаттын аракеттерине коюлуучу минималдуу талаптар

Административдик ишке процесстин кайсы стадиясында болбосун киришип жатып, адвокат КЮЖ алуучу менен жолугушууга жана алуучунун көйгөйлөрүн жана максаттарын (ал алгысы келген натыйжалар, каалаган кырдаалдын көрүнүшү) аныктоо, иш боюнча жагдайлар жана далилдер жөнүндө маалымат алуу, ишенимди жана өз ара түшүнүшүүнү орнотуу (аңгемелешүү өткөрүү фактысы белгиленген формада алуучунун колу менен ырасталат) максатында аны менен алгачкы аңгемелешүү өткөрүүгө тийиш.

19. КЮЖ алуучу менен алгачкы аңгемелешүүнүн жүрүшүндө адвокат ишке тиешеси болушу мүмкүн болгон бардык деталдарды (окуянын катышуучулары жөнүндө маалыматтар, мүмкүн болгон далилдер жөнүндө маалыматтар, алуучунун буга чейин жасаган аракеттери, кайрылуулары жана алардын натыйжалары, доонун эскирүү мөөнөттөрү жөнүндө маалыматтар) аныктайт жана тактайт.

20. Алгачкы маектешүүдөн кийин адвокат иштин фактылык жагдайларын талдоого жана административдик иш боюнча тиешелүү позицияны иштеп чыгууга киришет, анын ичинде, бирок төмөнкү аракеттер менен чектелбейт:

- алынган маалыматты системалаштыруу;
- алуучунун укуктук мамилелерин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды изилдөө;
- алуучунун маселелерине окшош маселелер боюнча сот практикасын изилдөө;
- талаш укуктук мамилелердин укуктук квалификациясы;
- алуучунун талаптарын алардын тиешелүүлүгү, жол берилиши жана аныктыгы позициясынан негиздеген далилдерди системалаштыруу;
- КЮЖ алуучунун жана адвокаттын аракеттерин, адвокат менен алуучунун зарыл болгон жолугушууларынын санын бөлүп көрсөтүү менен иш-аракеттер планын ишке катышууга адистерди, эксперттерди, котормочуларды, күбөлөрдү тартуу жөнүндө маселени чечүү менен иштеп чыгуу жана макулдашуу.
- КЮЖ алуучу менен иш-аракеттер планына кол коюу.

21. Административдик ишти талдоодон кийин адвокат КЮЖ алуучуга иш боюнча вариативдүү позицияларды сунуш кыла алат жана алардын ар бирин ишке ашыруунун укуктук кесепеттерин, позициялардын ар бирин ишке ашыруу үчүн КЮЖ алуучу жана/же адвокат жасашы зарыл болгон процесстик жана иш жүзүндөгү аракеттердин көлөмүн түшүндүрүп бере алат, сунушталган позициялардын ар бири менен коштолгон чыгымдардын, чыгымдардын жана тобокелдиктердин өлчөмүн сүрөттөп бере алат (адвокат тарабынан бул иш-аракеттерди аткаруу фактысы КЮЖ алуучунун белгиленген формадагы колу менен ырасталат).

22. Административдик иш боюнча укуктук позиция берилген кызыкчылыктардын мыйзамдуулугуна, алуучунун позициясынын карама-каршылыгына, КЮЖ алуучунун укуктук позиция жөнүндө кабардар болуусуна жана аны менен макулдугуна ылайык келүүгө тийиш.

23. КЮЖ алуучу иш боюнча тиешелүү позицияны тандап алгандан кийин адвокат мындай позицияны ишке ашырууга багытталган бардык зарыл болгон даярдык көрүү аракеттерин көрүшү керек, анын ичинде далилдердин бар экендигин текшерүү, далилдөө процессин ойлонуу жана позицияны ишке ашырууга багытталган башка иш жүзүндөгү жана юридикалык аракеттерди алгачкы аңгемелешүү өткөрүлгөн күндөн тартып 10 жумушчу күндөн кечиктирбестен жасашы керек (бул иш-аракеттерди адвокаттын аткаргандыгынын фактысы

белгиленген формадагы КЮЖ алуучунун колу менен ырасталат).

24. Бул этапта адвокат, анын ичинде каржылык башкаруу жана бул иш менен байланышкан тобокелдиктерди сот келечегин баалоого тийиш. Эгерде КЮЖ алуучу өзү үчүн соттук териштирүүнүн келечексиздигин билип жана түшүнүп, ошого карабастан кандайдыр бир башка себептер боюнча ишти сотко жеткирүүнү талап кылса, административдик иштин соттук келечеги иш жүзүндө жок болгондо адвокат мындай тапшырманы алууга укуктуу. Мындай учурда адвокат КЮЖ алуучунун жазуу жүзүндөгү ырастоосун алуусу зарыл.

25. Адвокат административдик доо арыз, суроо-талаптар, арыздар, өтүнүчтөр жана башка керектүү процесстик документтерди түзөт. Административдик доо арызга КЮЖ алуучу кол коюуга тийиш, ал эми КЮЖ алуучу ден соолугунун абалы боюнча административдик доо арызга, өтүнүчтөргө жана башка процесстик документтерге кол кое албаса, бул документтерге алынган ишеним каттын негизинде адвокат кол коет.

## 3. Административдик иш боюнча биринчи инстанциядагы сотто адвокаттын аракетине карата минималдуу талаптар

26. Адвокат бардык соттук жыйындарга түздөн-түз катышууга милдеттүү (адвокаттын катышкандыгынын фактысы белгиленген формадагы КЮЖ алуучунун колу менен да тастыкталат).

27. Адвокат КЮЖ алуучуга административдик иштеги анын статусун жана талашты тараптардын жарашуусу менен жөнгө салуу мүмкүнчүлүгүн (тынчтык же медиациялык макулдашууну түзүү) түшүндүрүүгө тийиш.

28. Эгерде КЮЖ алуучу ишти жарашуу макулдашуусу менен аяктоону же медиация жол-жобосун жүргүзүүнү кааласа, тынчтык же медиациялык макулдашууну түзүүгө жардам көрсөтүүгө Адвокат түздөн-түз катышууга милдеттүү (адвокаттын катышуу фактысы да КЮЖ алуучунун белгиленген формадагы кол тамгасы менен ырасталат).

29. Сот медиатор менен милдеттүү маалыматтык жолугушууга жиберген учурда адвокат КЮЖ алуучуну коштоп жүрүүгө милдеттүү.

30. Адвокат административдик иштин бардык материалдары менен толук көлөмдө таанышууга милдеттүү. Ошол административдик иш боюнча сотко чейинки стадияда катышпаган адвокат КЮЖ алуучу менен жолугушууга, аны менен алгачкы аңгемелешүү өткөрүүгө, андан кийин ушул Стандарттар менен белгиленген административдик ишке киришүү стадиясында адвокат үчүн каралган иш-чаралардын комплексин ишке ашырууга тийиш (аңгемелешүү өткөрүү фактысы белгиленген формада алуучунун колу менен ырасталат).

31. Бул этапта зарыл болгон учурда адвокат Кыргыз Республикасынын процесстик мыйзамдарында коюлган талаптарга так ылайык процесстик документтерди жана алардын тиркемелерин берүүнү түзөт жана камсыз кылат (адвокаттын бул аракеттерди аткаргандыгынын фактысы белгиленген формадагы КЮЖ алуучунун колтамгасы менен ырасталат).

32. Адвокат иш боюнча болгон бардык далилдерди сот тарабынан ар тараптуу жана толук көлөмдө иликтенишине көмөктөшүүгө тийиш. Сот тарабынан бул талаптар бузулган учурда же КЮЖ алуучунун талабы боюнча адвокат бул тууралуу жазуу жүзүндө билдирүү жасоого тийиш (баш тартууну билдирүү, төрагалык кылуучунун аракеттерине протокол алдында каршы пикирлерди айтуу же мыйзамда жол берилген башка аракеттер менен).

33. Адвокат жарыш сөзгө катышууга жана сот актысын жарыя кылууга катышууга милдеттүү (адвокат бул аракеттерди аткаргандыгынын фактысы белгиленген формадагы КЮЖ алуучунун колу менен ырасталат).

34. Эгерде сот актысы даяр эмес болсо, адвокат мыйзамда белгиленген мөөнөттө сот актысын алууга милдеттүү - аны берүү жөнүндө жазуу жүзүндө арыз берүүгө.

35. Буга негиздер болгон учурда же КЮЖ алуучунун талабы боюнча адвокат иш боюнча акыркы чечим чыгарылганга чейин кабыл алынган соттун токтомдоруна (аныктамаларына)

даттанууга милдеттүү, эгерде мындай токтомдор (аныктамалар) акыркы чечимден өзүнчө даттанылууга тийиш болсо, ошондой эле даттанууну караган учурда сот отурумдарына катышууга милдеттүү (бул иш-аракеттердин адвокат тарабынан аткарылгандыгынын фактысы белгиленген формадагы КЮЖ алуучунун колу менен ырасталат).

**4. Апелляциялык жана кассациялык инстанцияларда соттук актыларды кайра кароодо сотто адвокаттын аракеттерине коюлуучу минималдуу талаптар**

36. Адвокат КЮЖ алуучу менен жолугушууга, ага соттук актынын маңызын түшүндүрүүгө, апелляциялык/кассациялык тартипте соттук актыга даттануунун зарылдыгын жана мүмкүнчүлүгүн талкуулоого тийиш. Адвокат КЮЖ алуучу менен чыгарылган чечимди кайра кароонун мүмкүн болуучу жолдору жөнүндө маселени талкуулоодо иштин жагдайларын кылдат иликтөөгө, кайра каралууга тийиш болгон соттук актыларда баяндалган соттордун далилдерин талдоого, аларды кайра кароо үчүн негиздердин бар же жок экендигин аныктоого тийиш (адвокат тарабынан бул аракеттерди аткаруу фактысы белгиленген формадагы КЮЖ алуучунун колу менен ырасталат).

37. Эгерде адвокат биринчи жана/ же апелляциялык инстанциясындагы сотко катышпаса, анда ал административдик иштин материалдары менен таанышышы керек.

38. Эгерде адвокат жана КЮЖ алуучу апелляциялык/кассациялык тартипте соттук актыга даттануунун зарылдыгы жана мүмкүндүгү жөнүндө тыянакка келишсе, же КЮЖ алуучу бул жөнүндө талап кылса, адвокат мыйзамда белгиленген тартипте жана мөөнөттө апелляциялык/кассациялык даттанууну түзүүгө жана киргизүүгө тийиш.

39. Апелляциялык / кассациялык даттанууда (даттанууга каршы пикирде), ошондой эле жогоруда аталган инстанциялардагы сүйлөгөн сөздөрдө КЮЖ алуучунун позициясы, анын талаптары так жана түшүнүктүү болууга тийиш.

40. Адвокат бардык соттук жыйындарга түздөн-түз катышууга милдеттүү (адвокаттын катышкандыгынын фактысы белгиленген формадагы КЮЖ алуучунун колу менен да тастыкталат).

**5. Административдик ишти жаңыдан кароого жиберүүдө, ошондой эле жаңы же жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча адвокаттын аракеттерине коюлуучу минималдуу талаптар**

41. Административдик иш жаңы же жаңыдан ачылган жагдайлар боюнча кайра каралып чыккан, ошондой эле административдик иш жаңыдан кароого кайтарылган учурда адвокат (эгерде биринчи, апелляциялык же кассациялык инстанциядагы сотко катышпаган болсо) иштин материалдары менен таанышууга, КЮЖ алуучу менен жолугушууга, иш боюнча позицияны иштеп чыгууга милдеттүү (аңгемелешүү өткөрүү фактысы белгиленген формада алуучунун колу менен ырасталат).

42. Адвокат иш боюнча болгон бардык далилдерди сот тарабынан ар тараптуу жана толук көлөмдө иликтенишине көмөктөшүүгө тийиш. Сот тарабынан бул талаптар бузулган учурда адвокат бул тууралуу жазуу жүзүндө же оозеки билдирүү жасоого тийиш (баш тартуу, төрагалык кылуучунун аракеттерине протокол алдында каршы пикир билдирүү же мыйзамда жол берилген башка аракеттер аркылуу).

43. Адвокат бардык сот жыйындарына, тараптардын жарыш сөздөрүнө жана сот актысын жарыя кылууга катышууга милдеттүү (адвокаттын катышкандыгынын фактысы белгиленген формадагы КЮЖ алуучунун колу менен да ырасталат).

44. Адвокат мыйзамда белгиленген мөөнөттө сот актысын алууга же сот актысын берүү мөөнөтүн бузган учурда аны алуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү арыз менен кайрылууга милдеттүү.

45. Буга негиздер болгон учурда же КЮЖ алуучунун талабы боюнча адвокат иш боюнча

акыркы чечим чыгарылганга чейин кабыл алынган соттун токтомдоруна (аныктамаларына) даттанууга милдеттүү, эгерде мындай токтомдор (аныктамалар) акыркы чечимден өзүнчө даттанылууга тийиш болсо, ошондой эле мындай катышуу Кыргыз Республикасынын процесстик мыйзамдарында каралган учурда даттанууну кароодо соттук отурумдарга катышууга милдеттүү (адвокаттын катышуу фактысы да КЮЖ алуучунун белгиленген формадагы колу менен ырасталат).

Тиркеме № ____

МКЮЖ системасында административдик иштер боюнча КЮЖ көрсөткөн жактоочулардын ишинин сапатынын стандарттарына

административдик иш боюнча доо ______________________________

жактоочу _____________________________________________

Административдик даттануу жана соттук териштирүү стадиясында адвокаттын катышуусу

| ДАТАСЫ | УБАКЫТ | ИШ-АРАКЕТ | КОЛ ТАМГАСЫ | ЭСКЕРТҮҮ |
|---|---|---|---|---|
| | | Алгачкы маектешүү (сурамжылоо) | | |
| | | Иш үчүн мааниси бар документтерди алуу-өткөрүп берүү | | |
| | | Иш боюнча позиция макулдашылып, иш-чаралардын планы түзүлдү | | |
| | | Укуктук кесепеттер, чыгымдар, сарптоолор жана тобокелдиктер түшүндүрүлдү | | |
| | | Соттук териштирүүнүн келечексиз экендиги жөнүндө эскертилген, түшүнөм, ошого карабастан ишти сотко чейин жеткирүүнү талап кылам | | |
| | | Мен иштин материалдарын окуп чыктым, маңызы түшүндүрүлдү | | |
| | | Процессуалдык документтерди даярдоо | | |
| | | Сот отурумуна катышуу | | |
| | | Соттук жарыш сөзгө катышуу | | |
| | | Соттун чечимин жарыялоого катышуу | | |
| | | Соттун чечимдерине даттануу боюнча позиция макулдашылды, эгерде мындай даттануу мүмкүн болсо | | |

Тиркеме №____

МКЮЖ системасында административдик иштер боюнча КЮЖ көрсөткөн жактоочулардын ишинин сапатынын стандарттарына

административдик иш боюнча___________________________________

Алуучунун статусу _____________________________________________

жактоочу______________________________________________________

| ДАТАСЫ | УБАКЫТ | ИШ-АРАКЕТ | КОЛ ТАМГАСЫ | ЭСКЕРТҮҮ |
|---|---|---|---|---|
| | | Алгачкы маектешүү (сурамжылоо) | | |
| | | Иштин материалдарын изилдөө (эгерде жактоочу биринчи инстанциядагы сотко катышпаган болсо) | | |
| | | Соттун чечимдерине даттануу боюнча позиция макулдашылды, эгерде мындай даттануу мүмкүн болсо | | |
| | | Апелляциялык/кассациялык даттанууну берүү зарылдыгы боюнча позиция макулдашылды | | |
| | | Берилген апелляциялык/кассациялык сунуш боюнча позиция макулдашылды | | |
| | | Процессуалдык документтерди даярдоо | | |
| | | Сот отурумуна катышуу | | |
| | | Соттук жарыш сөзгө катышуу | | |
| | | Соттун чечимин жарыялоого катышуу | | |
| | | Укуктук кесепеттер, чыгымдар, сарптоолор жана тобокелдиктер түшүндүрүлдү | | |

*ЮЖКнын 2024-жылдын 24-декабрындагы №34 буйругуна Тиркеме № 4*

**КЕЛИШИМ № __**

Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасынын алкагында квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө

__________________________ _______________

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Юридикалык жардам кызматы (мындан ары – ЮЖК), ________________________________________ Координатордун атынан _____________________(шаар боюнча) _____________________району ________________облусу, бир жагынан, жана адвокат _______________________________________________, (лиц.№. _ _ _ _ "__"________, берилген, _______________________________________________адвокаттык иш жүргүзүү формасы), Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды көрсөтүү боюнча № _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ _ "__"____________ Мамлекеттик реестрге (мындан ары-Реестр) киргизилген, ( мындан ары текст боюнча – Адвокат) экинчи тараптан, мындан ары Тараптар деп аталуучу, "Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (мындан ары текст боюнча – МКЮЖ) жана төмөнкүлөр жөнүндө Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынын (мындан ары текст боюнча – Келишим) алкагында жүзөгө ашырылуучу мамлекет кепилдеген квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө ушул Келишимди (мындан ары текст боюнча-КЮЖ) түзүштү:

## 1. ПРЕДМЕТ ДОГОВОРА

1.1. ЮЖКнын координаторунун тапшырмасы боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, МКЮЖ чөйрөсүндөгү башка локалдуу укуктук актыларда жана ушул Келишимде белгиленген тартипте жана шарттарда «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык мамлекеттин эсебинен квалификациялуу юридикалык жардам алууга укуктуу болгон жеке адамга (мындан ары текст боюнча Алуучу) КЮЖ адвокатынын көрсөтүүсү.

## 2. КЕЛИШИМДИН ШАРТТАРЫ ЖАНА АКЫ ТӨЛӨӨ ТАРТИБИ

2.1 Ушул Келишим боюнча ЮЖК менен Адвокаттын мамилелери жарандык-укуктук катары аныкталат жана эмгектик укук мамилелери болуп саналбайт.

2.2 Адвокат КЮЖ алуучуга көрсөтүүдө ишке жеке өзү жана жазык, жарандык, административдик сот өндүрүшүнүн бардык стадияларында жана укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча кесипкөй, квалификациялуу жана жоопкерчиликтүү мамилени камсыз кылат.

2.3 Адвокат КЮЖды ушул Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналган КЮЖ көрсөтүүнүн сапат стандарттарына ылайык аткарат, ошондой эле КЮЖды алуучуга мыкты жана сапаттуу көрсөтүү үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка иш жүзүндөгү жана юридикалык аракеттерди көрөт.

КЮЖ көрсөтүүнүн сапат стандарттары-ЮЖКнын тарабынан бекитилген жазык, жарандык, административдик иштер жана укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча алуучуга КЮЖ көрсөтүүдө адвокаттын ишине карата бирдиктүү талаптарСтандарттар адвокаттын өз ишинде мыйзамдарда тыюу салынбаган башка коргонуу каражаттарын пайдалануусуна чек койбойт.

2.4 МКЮЖ адвокат тарабынан көрсөтүлгөн КЮЖ үчүн акыны тарифтерге ылайык, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана МКЮЖ чөйрөсүндөгү башка локалдуу укуктук актыларда белгиленген тартипте жана шарттарда жүргүзөт.

2.5 Адвокат өзүнүн жайын, жабдууларын жана КЮЖ алуучуга өз эсебинен көрсөтүү үчүн зарыл болгон башка материалдарды пайдаланат.

## 3. ТАРАПТАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**3.1. ЮЖК төмөнкүлөргө укуктуу:**

3.1.1. Адвокат тарабынан көрсөтүлүүчү КЮЖдын сапатына белгиленген тартипте мониторинг жүргүзүүгө жана баа берүүгө.

3.1.2. Адвокаттан КЮЖ көрсөткөн отчет, Регистр, адвокаттык досье жана башка материалдарды сурап алуу.

3.1.3. Адвокаттан КЮЖ берүүнүн сапат стандарттарын аткарууну талап кылууга, ага КЮЖ берүү менен байланышкан оозеки жана жазуу жүзүндө түшүндүрмөлөрдү алууга.

3.1.4 Адвокат КЮЖ көрсөтүүдөн убактылуу четтетилсин же адвокат тарабынан көрсөтүлүп жаткан КЮЖдын сапатына даттануу болгон учурда, кесиптик этиканын ченемдерине жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына келишимдин колдонулушун токтото турсун, МКЮЖ чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипке ылайык адвокатка карата башка таасир этүү чараларын көрсүн.

3.1.5 Юридикалык жардам сапатсыз көрсөтүлгөндүгүнүн фактысы (адвокатка көрсөтүлгөн юридикалык жардам үчүн акы төлөнгөндөн кийин) табылганда жана аныкталганда, ал кесиптик этиканын ченемдерин жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузганда адвокаттан ага төлөнгөн акча каражаттарын кайтарып берүүнү талап кылуу.

3.1.6 МКЮЖ чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана башка локалдуу укуктук документтерде каралган башка укуктарды пайдаланууга.

**3.2 ЮЖК милдеттүү:**

3.2.1 КЮЖ берүүдө алуучунун, адвокаттын жана МКЮЖ системасынын башка субъекттеринин ортосундагы өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуу.

3.2.2 КЮЖ берүүнүн тартиби менен байланышкан жана кабыл алынган чечимдер жөнүндө адвокатка конкреттүү иш боюнча маалымат берүү.

3.2.3 КЮЖ көрсөтүү боюнча адвокаттын ишине белгиленген тартипте мониторинг жүргүзүү жана баалоо;

3.2.4 КЮЖ алкагында адвокат тарабынан берилген документтердин КЮЖ көрсөтүү сапатынын стандарттарына ылайык келишин текшерүү

3.2.5. КЮЖ берүү процессинде адвокатка пайдалуу болгон зарыл маалыматтарды жана документтерди, ошондой эле башка маалыматтарды адвокатка берүүгө.

3.2.6 Конфиденциалдуулукту сактоого, адвокаттан жана башка ыйгарым укуктуу адамдардан КЮЖ көрсөтүүгө байланыштуу алынган маалыматты үчүнчү жактарга бербөөгө жана эгерде бул алуучунун жана/же адвокаттын укуктарына жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына зыян келтирүүгө алып келиши мүмкүн болсо, аны кандайдыр бир башка жол менен пайдаланбоого.

3.2.7 Көрсөтүлгөн КЮЖ үчүн адвокатка Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жана мөөнөттө акы төлөөнү жүргүзүүгө

3.2.8 Регистрди жана адвокаттык досьени кабыл алуу жана белгиленген тартипте сактоо

**3.3. Адвокат төмөнкүлөргө укуктуу:**

3.3.1. Конкреттүү иш боюнча КЮЖ көрсөтүүнүн тартиби менен байланышкан координатор тарабынан кабыл алынган чечимдер жөнүндө маалымат алуу.

3.3.2. Көрсөтүлгөн КЮЖ үчүн белгиленген тартипте жана мөөнөттө акы алуу.

3.3.3. Арыздар жана даттануулар менен ЮЖКна, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине, сотко кайрылууга.

3.3.4. Ушул Келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткаруу үчүн зарыл болгон маалыматтарды Координатордон алууга.

3.3.5 Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка укуктарды пайдаланууга

**3.4. Адвокат милдеттүү:**

3.4.1. МКЮЖ чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук жана башка локалдык укуктук актылар менен таанышуу.

3.4.2 КЮЖ алуучуга өз убагында жана толук көлөмдө көрсөтүү.

3.4.3 Алуучуга анын укуктары жана милдеттери, КЮЖ алуу шарттары жана тартиби жөнүндө толук маалымат берүүгө.

3.4.4 КЮЖ көрсөтүүнүн сапат стандарттарын, КЮЖ көрсөтүүгө тиешелүү ички локалдык актыларды так сактоо.

3.4.5 Адвокаттардын кезметчилик графигин сактоо кезметчилик күнү КЮЖ көрсөтүүдө Координатор, ошондой эле укук коргоо жана/же сот органдарынын өкүлдөрү менен 24 саат бою дайыма байланышта болуу.

3.4.6 Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен мындай маалыматты ачыкка чыгаруу милдети адвокатка жүктөлгөн учурларды кошпогондо, конкреттүү иш боюнча КЮП көрсөтүүнүн жүрүшүндө адвокатка белгилүү болгон ар кандай маалыматтын толук купуялуулугун камсыз кылууга.

3.4.7 Белгиленген тартипте каттоону жана адвокаттык досьени жүргүзүүгө.

3.4.8. КЮЖ берүүнүн тиешелүү стадиясы аяктаган күндөн тартып беш жумушчу күндөн кечиктирбестен координаторго отчет жана Регистр берилсин, ал эми КЮП көрсөтүү аяктаган, адвокатты алмаштырган же болбосо аны Реестрден чыгарган учурда конкреттүү иш боюнча адвокаттык досье берилсин.

3.4.9. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана МКЮЖ чөйрөсүндөгү башка локалдык укуктук документтерде каралган учурларды кошпогондо, координатордун чечиминин жана ордердин негизинде КЮЖ көрсөтүүгө киришүүгө.

3.4.10. Ырастоочу документтерди тиркөө менен алуучуда макулдашуу боюнча адвокаттын бар экендиги жөнүндө координаторго жазуу жүзүндө токтоосуз билдирүүгө.

3.4.11. Ордерлерди (так отчеттуулук бланкын) белгиленген тартипте жана арналышы боюнча катуу пайдаланууга, эсепке алууну жүргүзүүгө жана сакталышын камсыз кылууга, ошондой эле аларды пайдалануу жөнүндө квартал сайын координаторго отчет берип турууга.

3.4.12. Тиешелүү окуулардан, анын ичинде ЮЖК тарабынан уюштурулган окуулардан өтүү жолу менен өз квалификациясын дайыма жогорулатууга.

## 4. КУПУЯЛЫК

4.1. Тараптар бири-бирине же болбосо алуучу тарабынан адвокатка берилген ар кандай маалымат, формасына, ыкмаларына жана берүү тартибине карабастан, ошондой эле адвокаттык досьеде жана Реестрде сакталган маалымат купуя болуп саналат.

4.2. Тараптар экинчи Тараптан алынган маалыматтын толук купуялуулугун камсыз кылууга, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралгандан башка учурларда, ошондой эле КЮЖ көрсөтүү үчүн зарыл болгон учурларда аны үчүнчү жактарга таратпоого милдеттенишет.

## 5. ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

5.1. Ушул Келишимдин шарттарын аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн Тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

5.2. Адвокат МКЮЖ чөйрөсүндөгү мыйзамдардын талаптарын, ушул Келишимдин шарттарын, адвокаттык иш жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, адвокаттардын кесиптик этикасынын Кодексин, ЮЖК координатордун сунушу боюнча адвокатка карата төмөнкүдөй таасир этүү чараларын көрүүгө укуктуу:

1) эскертүү;

2) адвокатты квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүдөн 1 айдан 3 айга чейинки мөөнөткө убактылуу четтетүү;

3) Квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө Келишимди бир тараптуу тартипте бузууга, 1 жылдан эрте эмес келишим түзүү шарты менен.

5.3. Адвокаттардын кесиптик этикасынын ченемдерин жана эрежелерин бузгандыгы үчүн Адвокат «Адвокатура жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык жоопкерчилик тартат.

## 6. КЕЛИШИМДИ ТОКТОТО ТУРУУ ЖАНА ТОКТОТУУ

6.1. Ушул Келишимдин колдонулушу ЮЖК тарабынан төмөнкү учурларда токтотула турушу мүмкүн:

1) адвокат тарабынан жүйөлүү арыз берилгенде;

2) адвокатка карата сотко чейинки өндүрүш болгондо.

3) адвокаттык иш жүргүзүү лицензиясынын колдонулушу токтотулганда

4)Мыйзамдын талаптарын жана кесиптик этиканын ченемдерин бузууга адвокат тарабынан КЮЖ көрсөтүлгөн сапатка даттануу болсо, даттануу мыйзамда белгиленген тартипте каралганга чейин.

6.2. Бул Келишим төмөнкү учурларда токтотулушу мүмкүн:

1) адвокаттын демилгеси боюнча ЮЖКга арыз берүү жолу менен;

2) адвокаттык иш жүргүзүү укугуна адвокаттык лицензиядан ажыратылган учурда;

3) Келишимдин колдонуу мөөнөтү бүткөндө.

6.3. Тараптар ушул Келишимди бузуу күнүнө чейин же колдонуу мөөнөтү аяктаганга чейин келип чыккан бардык милдеттенмелерин аткарууга тийиш.

6.4. Адвокат келишим бузулгандан, токтотулгандан кийин беш жумушчу күндөн кечиктирбестен ЮЖК Координаторунан алынган кабыл алуу - өткөрүп берүү актысы боюнча бардык документтерди берүүгө, Регистрди жана адвокаттык досьени, анын ичинде отчету бар ордердик китепчени берүүгө милдеттүү.

## 7. КОРУТУНДУ ЖОБОЛОР

7.1. Келишим ар бир тарап үчүн бирден, бирдей юридикалык күчкө ээ болгон 2 (эки) нускада түзүлдү.

7.2. Тараптар ушул Келишимде көрсөтүлгөн маалыматтарына кандай гана болбосун өзгөртүүлөр жөнүндө бири-бирине кыска мөөнөттө кабарлоого милдеттенишет.

7.4. Келишим 5 (беш) жылдык мөөнөткө түзүлдү 20___ж "__" _____________ - 20___ ж"___" __________ чейин

## 8. ТАРАПТАРДЫН ДАРЕКТЕРИ, РЕКВИЗИТТЕРИ ЖАНА КОЛ ТАМГАЛАРЫ

| **Координатор** | **Адвокат** |
|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Юридикалык жардам кызматы**<br><br>**Ыйгарым укуктуу адамдын Аты-жөнү жана кызматы:**<br>__________________________________________<br>__________________________________________<br><br>**Юридикалык / чыныгы дареги:**<br>Бишкек ш.,Жибек-Жолу пр. 381<br>Р/счет бюдж/счета: 4402051101027078<br>Банк: ЦК МФКР<br>Бик: 44000<br>ИНН: 03006201710461<br>Код ОКПО: 30000204<br>Почта индекси:720010<br>Регис. №СФ КР: ______________________<br><br>____________________<br>Кол тамга | **Аты-жөнү:**<br>______________________________________<br>___________________________________________<br>**Лицензиянын номери жана датасы:**<br>___________________<br>__________________________________________<br>**Паспорттук маалыматтар:**<br>______________________<br>___________________________________________<br>**ИНН:** _____________________________________<br>**Прописка боюнча дареги:**<br>_______________________<br>___________________________________________<br>**Чыныгы жашаган дареги:** _________<br>___________________________________________<br>___________________________________________<br>**Банктын реквизиттери:**<br>_________________________<br>___________________________________________<br>___________________________________________<br>___________________________________________<br><br>____________________<br>Кол тамга |

*ЮЖКнын 2024-жылдын*
*«24» декабрындагы №34 буйругуна 5 -тиркемеси*

# Квалификациялуу юридикалык жардамды көрсөтүү үчүн адвокаттарды тандоонун тартиби жана критерийлери жөнүндө ЖОБО

## 1. Жалпы жобо

1. Жобо квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү үчүн адвокаттарды тандоонун критерийлерин жана тартибин белгилейт.

## 2. Адвокаттарды тандоо критерийлери

2. Квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү үчүн адвокаттарды тандоо ыйгарым укуктуу органдын ведомстволук бөлүмү тарабынан жүзөгө ашырылат.

3. Адвокаттарды тандоонун критерийлери:

1) адвокаттык ишмердүлүгүнүн акыркы жылы үчүн тартиптик жазанын жоктугу тууралуу маалымкаттын болушу;

2) мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө мыйзамдар боюнча, квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүнүн сапатынын стандарттарына ылайык: кылмыш-жаза иштери жана укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча, жарандык иштер боюнча же болбосо административдик иштер боюнча ыйгарым укуктуу органдын ведомстволук бөлүмүнүн электрондук окутуучу платформасында электрондук курстардан өткөндүгү жөнүндө сертификаттардын болушу.

## 3. Адвокаттарды тандоонун тартиби

4. Арыз адвокат тарабынан ыйгарым укуктуу органдын ведомстволук бөлүмүнө жеке өзү тарабынан же Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы аркылуу берилет. Билдирүүдө төмөнкү маалыматтар камтылууга тийиш:

- адвокаттын А.А.А;
- адвокаттык ишмердүүлүк жүргүзүүгө берилген лицензиясынын берилген күнү жана номери;
- байланыш маалыматтары.

5. Арыз белгиленген формада берилет. Арызда адвокат тарабынан квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүлө турган административдик-аймактык бирдик милдеттүү түрдө көрсөтүлүшү керек.

6. Арызга адвокаттык ишмердүүлүгүнүн акыркы жылы үчүн тартиптик жазанын жоктугу жөнүндө маалымкат жана базалык электрондук курстарды өткөндүгү жөнүндө сертификат тиркелет.

7. Арызды кабыл алуу аяктагандан кийин ыйгарым укуктуу органдын ведомстволук бөлүмү "Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын чегинде квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндөгү келишим түзүү тууралуу чечимди үч жумушчу күндүн ичинде кабыл алат.

8. Келишим түзүлгөндөн кийин адвокат жөнүндө маалымат мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды көрсөтүү боюнча адвокаттардын мамлекеттик реестрине киргизилүүгө тийиш.

## 4. Корутунду жоболор

9. Бул жобонун талаптары ыйгарым укуктуу органдын ведомстволук бөлүмдөрү жана квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүгө талапкер адвокаттар тарабынан аткарылышы милдеттүү болуп саналат.

10. Бул жобо ыйгарым укуктуу органдын ведомстволук бөлүмү тарабынан бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.